**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**
**КЕҢ-ТАЛАА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КЕН-ТАЛААСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын

## № 6 Т О К Т О М У

**Бешкент айылы** **21-январь 2025-жыл**

Кең-Талаа айыл өкмөтүндө 2024-жылдын жыйынтыгы, айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын социалдык- экономикалык өнүгүүсүн негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы жана 2025-жылга божомолу жөнүндө.

Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Ш.Джумабаевдин Кең-Талаа айыл өкмөтүндө 2024-жылдын жыйынтыгы, айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын социалдык – экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы жана 2025-жылга божомолу жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кең-Талаа айыл өкмөтүндө 2024-жылдын жыйынтыгы жана айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын социалдык – экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы канаатандырарлык деп белгиленсин.
2. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн социалдык өнүгүүсү, айылдарда инфраструктуранын жакшырышы боюнча туруктуу өнүгүү программасында кабыл алынган объекттердин бүткөрүлүүсү, алардын ар биринин план боюнча аткарылышын жакшы экендиги белгиленсин.
3. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн социалдык – экономикалык өнүгүү программасын аткаруу үчүн талапты күчөтүү, орун алган кемчиликти тез арада жоюу, ички жана тышкы резервдерден толук пайдалануу, бардык чарба жүргүзүүчү субьекттерге тапшырылсын.
4. Кең-Талаа айыл өкмөтүндө 2025 – жылда социалдык – экономикалык өнүгүү программасынын көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы жөнүндөгү маалыматтарды райондук статистика комитетине квартал сайын отчеттук айдын акыркы күнгө чейин билдирип туруу атайын адиске тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б .Жумабайев.**